2015-35


**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**


**Диссертациялык кеңеш Д. 07.13.015**

***Кол жазма укугунда***
***УДК: 39: 572 (575.2)(043.3)***


**Усубалиева Айнура Садановна**


# КЫРГЫЗДАРДАГЫ АДАМДЫН ӨМҮР СҮРҮҮ ЦИКЛИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ КААДА - САЛТТАР

**(Талас облусунун мисалында)**

**07.00.07 – Этнография, этнология, антропология**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2014**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун археология жана этнология бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин кандидаты
**Жапаров Амантур Забирдинович**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Кайыпов Сулайман Турдуевич**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Көчкүнов Айдарбек Сулайманкулович**

**Жетектөөчү мекеме:** Борбордук Азиядагы Америка университетинин антропология кафедрасы.
Дареги: 720040, Бишкек ш., Абдымомунов к. 205.

Диссертация 2014-жылдын 2-декабрында саат $14^{00}$до Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.13.015 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547, 348-ауд.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.

Автореферат 2014-жылдын «___» _________________ жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Ч.Ж. Турдалиева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Ар бир инсандын басып өткөн өмүрлүк жолу бир катар элдик каада-салттар, ырым-жырымдар менен коштолоору айкын. Ал дүйнөнүн баардык эле булуң-бурчтарында жашаган тили, дини, өнүгүү деңгээли жана башка жактары боюнча айырмаланган элдердин бардыгында кезигип, тарыхтын тереңинен бери уланып келе жаткан көрүнүш. Жеке адамдын биографиясынын негизги этаптарына байланыштуу аткарылган ырымдар, жөрөлгөлөр ага гана эмес үй-бүлөгө, коомго дагы тиешелүү.

Кыргыз Республикасынын Талас өрөөнүн жердеген кыргыздардын маданиятындагы адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу каада-салттарына мурда анча көңүл бурулбаган, кызыктуу илимий маселелердин бири. Негизи эле үй-бүлөлүк каада-салттарды изилдөөдө дагы эле терең талдоо жүргүзүп ачып бере турган жагдайлар аз эмес. Мурдагы доорлордо ата-бабалар колдонуп келип, урпактарга калтырган жол-жоболор канчалык деңгээлде сакталып калгандыгына көңүл буруу этнографтардын милдеттеринин бири. Кийинки мезгилдерде, айрыкча XX кылымдын акыры менен XXI кылымдын башында орун ала баштаган өзгөрүүлөр, алардын ата-бабалардан калган салтка айкалышы же кайчы келиши сыяктуу маселелер кызыгууну жаратат. Өрөөндөгү кыргыздардын каада-салтына ушул өңүттөн көңүл буруп, аларды бул облусту мекендеген башка улуттагы элдердин үрп-адаттары менен салыштыруу аркылуу жаңы материалдарды илимий айлампага киргизүү керек. Биз тандап алган тема жана хронологиялык алкактын чегинде атайын изилдөөлөрдү жүргүзүп, болуп жаткан этносоциалдык процесстер менен байланышта каралган эмгектерди жаратуу актуалдуу маселелердин бири.

Бир облусту мекендеп келе жаткан казак, түрк, өзбек сыяктуу тили, маданияты жакын улуттардын компакттуу жашаган өкүлдөрүнүн адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу каада-салттарын кыргыз эли менен салыштырып изилдөө, этникалык мамилелерди, маданий алакаларынын натыйжасында бири-бирине берген таасирлерин туура түшүнүүгө жардам берет.

Облустун чегинде жашаган түрк тилдүү элдердин ортосундагы карым-катнаш бири-бирине тийгизген таасирлер этногенетикалык гана эмес, маданияттын элементтеринин калыптанышы, өнүгүүсүнүн маселелери бир кыйла жалпылыктары менен айырмаланып турат. Мындай изилдөөлөр республикадагы улут аралык ынтымакты калыптандырып өнүктүрүүгө жакшы көмөк берет десек болот.

Талас облусу Кыргызстандын түндүк-батышында жайгашкан территориясы жана калкынын саны жагынан эң аз жана чакан облус. Жалпы аянты – 11 400 км², калкынын саны 2009-жылдагы эсеп боюнча 226 779 адамды түзөт. Облустун курамына 4 район (Талас, Бакай-Ата,

Кара-Буура, Манас), 36 айылдык кеңеш, 90 айыл, 1 шаар тибиндеги кыштак кирет. Облустун борбору Талас шаары. Өрөөндө отуздан ашык улуттун өкүлдөрү жашайт. Алардын ичинен кыргыздар – 92%, орустар – 1,9%, өзбектер – 0,7%, казактар – 1,3%, түрктөр – 0,6% түзөт. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде көчүрүлгөн немистер, карачайлар, балкарлар, гректер ж.б. да облусту мекендешкен. Жергиликтүү кыргыз калкы сол канаттан (Куу уул) тараган *кушчу, кытай, саруу, мундуз, чоң багыш, төбөй, жетиген* урууларынан турат. Бул уруулардын ичинен саны жагынан кушчу жана саруулар басымдуулук кылат. Талас өрөөнүнүн чыгыш аймагында кушчу, ал эми батышында саруу уруулары жайгашкан.

**Теманын илимий программалар, изилдөө мекемелери аткарып жаткан иштери менен байланышы.**

Диссертация илимий жетекчинин сунушу менен жеке демилге катары аткарылган.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери.** Адамдын өмүр сүрүү циклинин негизги баскычтарында байыртадан бери салтка айланып, өткөрүлүп келе жаткан ырым-жөрөлгөлөрдү конкреттүү Талас облусунун мисалында изилдеп, азыркы өзгөрүүлөрдү ачып көрсөтүү эмгектин максаты болуп эсептелет.

Максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлду;

- баланын төрөлгөнгө чейинки аткарылчу ырым-жырымдарды, колдонулуп келе жаткан салттарды, мурдагы доорлорго кайрылуу менен алардын маанисин ачып көрсөтүү;
- баланын төрөлүшүнө, алгачкы жылдарына, жана чоңоюшуна байланышкан ырым-жырымдардын жалпы комплексин этнографиялык ж.б. маалыматтардын негизинде ситемага салып иликтеп чыгуу;
- балдардын социалдашуу процессинде жана тарбиялоодо каада-салттын ордуна көңүл буруу;
- никенин формаларын, үйлөнүү алдындагы, үлпөттөгү жана андан кийин аткарылуучу каадаларды ачып көрсөтүү;
- адамдын каза болушу, анын сөөгүнүн жерге коюлушу жана андан кийинки маркумду эскерүүгө байланыштуу ырым-жырымдарды баяндап берүү менен бирге талдоого алуу;
- туруктуу сакталган архаикалык элементтерди жана өз маанисин жоготкон ырымдарды талдоого алуу;
- локалдуу айырмачылыктар менен окшоштуктарды табуу;
- ырым-жырымдарды аткаруудагы азыркы таптагы жаңы кирип жаткан өзгөрүүлөргө токтолуп, алардын себептерин ачууга далалат кылуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.** Мында этнографиялык маанидеги эл арасынан жыйналган материалдардын негизинде адамдын төрөлүшү, өсүшү, бой жеткен курак, үйлөнүүсү жана каза болуп жерге берүүгө байланышкан элдик ырым-жырым, жөрөлгөлөрдү илимий



айлампага киргизүүгө аракеттер жасалды. Азыркы мезгилге чейин илимпоздор тарабынан кандайдыр бир деңгээлде салмактуу этнографиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп келди. Ошого карабастан адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу (төрөлүүсү ж.б.) ырым-жырымдардын Кыргызстандын көз каранды эместикке жетишкенден берки мезгилдеги этностор арасындагы колдонулуш практикасы изилдөөгө алынбай келе жатат. Ушул маселеге терең маани берүүгө аракет жасап ата-бабалардан калган салтка кийинки жылдары киргизилип жаткан өзгөрүүлөрдү ачып көрсөтүү диссертациянын жаңычылдыгына кирет деп ойлойбуз. Изилдөөнүн темасы менен шартталган илимий проблеманы конкреттүү бир облусту жердеген кыргыз элинин каада-салттарын ушул эле аймактагы жергиликтүү казак, түрк, өзбек сыяктуу элдерди камтуу менен чагылдыруу дагы мурда каралган эмес. Коргоого коюлуп жаткан диссертацияда облустун ар башка аймактарынан, ар кайсы улуттагы элдеринин арасынан топтолгон оригиналдуу талаа материалдары колдонулду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык эмгек республиканын ичиндеги өзүнчө бир аймак тууралуу конкреттүү этнографиялык материалдарды илимий айлампага киргизет. Абсолюттуу басымдуулукту түзгөн кыргыздар менен бирге облусту жердеген аз сандагы башка элдердин каада-салттарынын салыштыруу максатында изилдениши алар тууралуу тарыхый-этнографиялык жааттагы жалпыланган эмгектерди, жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган окуу куралдарын жазууда колдонууга болот. Эмгек ушул эле маселелерди жана мындан кийин жүргүзүлө турган мүнөзү боюнча үндөш маселелерди тереңдетип изилдөөгө кандайдыр бир деңгээлде негиз болуп бере алышы мүмкүн. Эмгектеги баяндалган материалдар менен жыйынтыктарды лекция, семинарларды өткөрүүдө туура пайдалануу сабактардын максатына жетүүгө жардам берет. Элибиздин көп кылымдык тарыхын, этнографиясын, каада-салттарын, диний-философиялык түшүнүктөрүн, дүйнө таануусун, эстетикалык-көркөм маданиятын, медициналык жана педагогикалык тажрыйбасын үйрөнүү үчүн зарыл. Диссертациянын материалдары кыргыз этнографиясы, кыргыз маданиятынын тарыхы боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, мектеп окуучуларына арналып жазылчу “Адеп сабагы”, окуу китептерин, окуу куралдарын даярдоого, атайын же тандалма курстарды түзүүдө, массалык маалымат каражаттары аркылуу кыргыздардын каада-салттарын жана улуттук казынасын таанытып, кеңири жайылтууга көмөк берет.

**Коргоого коюлуп жаткан негизги жоболор.** Диссертациянын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жоболорду алууга жетиштик;

- Талас облусун мекендеген кыргыздар эле эмес, компакттуу түрдө жашаган башка улуттагы элдердин маданиятында да, ата-бабалардан келе жаткан салттын өзөгү болгон адамдын өмүр сүрүү циклине байланышкан ырым-жырымдарында да туруктуулугун сактап келүүдө;
- азыркы доордогу технологиялык жетишкендиктер, анын ичинде интернет, мобилдүү телефондор сыяктуу каражаттарды колдонуу, миграциялык активдүүлүк сыяктуу факторлор каада-салттар менен ырым-жырымдарды аткарууда айрым жаңылыктарды кошууда;
- облустун ар кайсы аймагында жашаган кыргыздардын бири-биринен айырмаланган локалдуу өзгөчөлүктөрүн байкоого болот;
- жакын жашап, ар кандай карым-катнашта болуу этномаданий жааттагы өздөштүрүп алууларга алып келип жаткан көрүнүштөр кезигет;
- айрым адамдардын ислам динindеги кийинки кездерде тарап жаткан багыттарына кирип, катуу берилүүсү жана ырым-жырымдарды ар башкача түшүндүрүү туугандардын, жергиликтүү жамааттардын ичинде кайчы пикирлерди жараткан фактылар бар;
- ырым-жырымдарда эмпирикалык илим, дүйнө таануу, диний ишенимдер, элдик педагогика менен медицина да орун алган;
- адамдын өмүр сүрүү циклинин негизги этаптарында аткарылуучу ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр өз ара жардамга байланышкан салтты, социалдык карым-катнашты сактоого жакшы таасир берет.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Автор 2010-2014-жылдар аралыгында Талас облусунун 29 айылында болуп, бай этнографиялык талаа материалын топтолгон жана Талас, Бакай-Ата, Кара-буура, Манас райондук аймактарынан 80ден ашуун маалымат берүүчүлөр сурамжыланган. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз этнографиясында али белгисиз жана баалуу маалыматтарга талдоо жүргүзүлүп, ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган.

**Эмгектин апробациядан өтүшү**. Тандалып алынган теманы изилдөөнүн натыйжасында алынган жоболор, тыянактар Бишкек, Ош, Талас шаарларында өткөн республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, тегерек столдордо, атайын уюштурулган иш-чараларда баяндалды. Адамдын өмүр сүрүү циклине байланышкан каада-салттар, ырым-жырымдар боюнча илимий журналдарда жана башка басылмаларда макалалар жарыяланды. Диссертациянын материалдары Талас мамлекеттик университетинин Тарых факультетинин студенттерине лекциялык, практикалык курстарды өтүүдө колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары "Культурно-историческое пространство Центральной Азии: от прошлого-к будущему. К 110-летию со дня рождения Ю.Н. Рериха" (2013), "Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында" (2013) сыяктуу эл



аралык илимий жыйындардын жыйынтыктарында жарыяланган. Жалпы он эки илимий макаласы жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүмү**. Эмгек кириш сөздөн, адамдын өмүр сүрүү циклин бөлүп караган үч баптан, сегиз параграфтан, корутундудан, терминдердин түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттар менен маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Биринчи бап **"Наристенин төрөлүүсү, балалык чагы жана тарбия маселелери"** деп аталып, бала төрөлгөнгө чейинки, баланын төрөлүшү жана алгачкы жылдарына байланыштуу каада-салттар жана балдардын социалдашуу процессиндеги тарбиялоо салты сыяктуу маселелер каралган.

Биринчи баптын алкагында бала төрөлгөнгө чейинки архаикалык ишенимдер, тыюулар, ырым-жырымдар талдоого алынды. Баланын төрөлүшүнө, алгачкы жылдарына байланышкан ырым-жырымдардын өзгөчөлүктөрү ачып берилди. Мында баланы коргоочу ыкмалар жана каражаттар зор мааниге ээ. Ата-энелер гана эмес жакын туугандар, кошуналар катышкан балдарды тарбиялоо салтына көңүл бурулду.

Төрөбөй жүргөн кыргыз аялдарын дарылануунун натыйжалуу ыкмаларынын бири катары *мазарга* барып сыйынуу каралган. Бала төрөлгөнгө чейинки ырым-жырымдарды психикалык тыюуларсыз элестетүү кыйын. Кандайдыр бир деңгээлде тыюуларды аткаруу сабырдуулукту, тең салмактуулукту камсыз кылып, жакшылыкка умтулууга үндөгөндөй күчкө ээ болгон. Кош бойлуу келиндер капка отурууга, баканды, арканды, жипти аттаганга болгон эмес. Баланын киндиги мойнуна оролуп калат деген ишенимдин таасири менен таар токуганды, ийик ийригенди убактылуу токтотуп турууга мажбур болушкан.

Намысына тийип ардантуу салттуу коомдо колдонуп келген таасир берүүчү ыкмалардын бири болгон. Анын келинге жакшы таасир бергенинин натыйжасында боюна бүтүп, бала төрөшүнө өбөлгө түзөт деп ишенишкен. Ушуга байланыштуу сүннөткө отургузган баланын эркектик белгисинин кесиндисин, төрөбөгөн жана жалаң кыз төрөгөн келиндер жеп, өздөрүнүн тилегинин орундалышына ишеним артышкан учурлардын да көп эле кезиккенин айта кетиш керек. Келиндер союлган койдун *уул тубарын* (койдун ич этинин тогуз кат менен ичегинин кошулган жерин) да максатка жетүү үчүн жеген. Бул ырым бүгүнкү убакта да күнүмдүк турмушта да кеңири колдонулуп келет. Талас өрөөнүн жердеген кыргыздар, казак, өзбек элинде төрөбөй жүргөн келинге көптү төрөгөн, эгиз төрөгөн аялдардын ич кийимдерин, дамбалдарын кийгизип ырымдоо кеңири жайылган. Талас облусундагы өзбектердин салттуу коомунда

төрөбөгөн келинди өлүктүн алдынан алып чыгып жүгүндүрөт, сүмөлөктү аралаштыртат, сүмөлөк кайнаткан очокко отургузуу ырымдарын жасашат.

Кыргыз элинде келиндин төрөтүн жеңилдетүүгө колдон келишинче аракет кылышкан. Ай- күнүнө жетип турганда күйөөсү алыс сапарга кете турган болсо, аялынын үстүнөн аттап койгон. Анткени толгоосу күйөөсү менен кошо кетип калып, келин кыйналып калат деп ишенишкен. Ургаачы иттин үстүнөн үч жолу аттатуу төрөттү жеңилдетет деп мындай ырымды да аткартышкан. Эгерде өзү тагынып жүргөн төөнөгүчүн башка бирөөгө төөнөп койсо, келин турган үйдөгү түйүлгөн түйүнчөктөрдү чечип койсо толгоосу аябай жеңил болот дешкен. Талгакты кандыруу, кош бойлуу кезде ар кандай коркунучтардан сактоо байыртадан бери келе жаткан ишенимдер менен тыгыз байланышта экендигин байкоого болот.

Бала көрбөй жүргөндөрдүн күткөн тилектерин орундатууга умтулуу менен жасалган ырым-жырымдарын анализдөөнүн натыйжасында мазарга айланган ыйык жерлердин, батанын, ар кандай башка ырымдардын магиялык таасир берүүчү касиетке ээ экенин белгилесе болот.

Балалык кезге тиешелүү ырым-жырымдарды шарттуу түрдө эки циклге болуп кароого болот. Ымыркайды, наристени ооруулардын, ар кандай коркунучтардын тооруганы айрыкча алгачкы жылдары көбүрөөк кезиккен. Тумар катары, аталган коркунучтардан баланы сактоого байланышкан милдетти аткарган ырым-жөрөлгөлөрдү биринчи циклге киргизген талапка ылайык. Ал эми экинчисине - баланы бир жаш курагынан экинчисине өткөрүп, анын статусун өзгөрткөн милдетти аткарган каада-салттар кирет.

Бала төрөлгөндө тууган-урукка, жакын санаалаштарга, келиндин төркүнүнө сүйүнчүлөшкөн. Сүйүнчүлөгөн адамга жакшылыктын белгиси катары акча, жандык ыроолойт. Жагымдуу кабарды уккандар *"Бешик боосу бек болсун", "Кулуң кут болсун"*, *"Кырк жылкың кут болсун"* деген сыяктуу куттуктоолорду айтышат.

Салттуу коомдо балага же кызга ат коюуга ошол айылдын аксакалын, кадырлуу кишисин чакырып, ат энчилеп берүүсүн өтүнүшкөн. Мындай тартип XX кылымдын ортолоруна чейин облустун бардык аймактарында колдонулуп келген. Адам аттары элдин маданиятынын өзгөчөлүктөрү, өнүгүү деңгээли, ишенимдери, эстетикалык табиттери тууралуу маалыматтарды алып жүрөт. XIX кылымда эле эмес XX кылымдын 80-жылдарына чейин кыргыз үй-бүлөлөрүнөн Көчкөнбай, Тезекбай, Бокмурун сыяктуу ысымдарды жолуктурууга мүмкүн болгон. Кийинки муундарга жагымсыз болуп угулган мындай аттарды коюунун өз себептери бар эле. Тагыраак айтканда, балдары токтобогон ата-энелер, узак мезгилдер бою перзент көрбөй жүрүп балалуу болгондор наристенин өмүрүнө зыян келтирүүчү кара күчтөр, жин-шайтандар, көздүү адамдардын көзү тийбесин деген ниет менен ушундай ысымдарды



коюшкан. Кийинки мезгилдерде жакшы ниет, тилек, үмүт менен назик, уккулуктуу ысымдарды тандоого басым жасалууда.

Бала төрөлгөндөн көп узабай майрамдала турган салтанат *жентек той* деп аталат. Баланы көргөнү келгендер, сөзсүз түрдө *көрүндүк* (акча же белек) беришет. Жентек үчүн аялдар мурдатан кам көрүп *карынга сары май* куюшкан. Аны ачып, келгендерге талканга көөлөп берүү салтка айланган. Балалуу боло албай жүргөн келин же небере күтүп жаткан чоң эне үйүнө алып барып, *"Жентекке карыз болоюн"* деп ырым кылып ар бир бөлмөгө, жыйылган жүккө чачкан.

Кыркын чыгаруу ырымы бала төрөлгөндөн кырк күндөн (кээде шарттуу) кийин өткөрүлөт. Ишенимдер боюнча бул мезгилдин ичинде баланын өмүрүнө болгон негизги коркунучтар артта калат. Ошол эле учурда, тиешелүү ырымды аткарып сууга киринтүү, көйнөк кийгизүү, баланы коргоого багытталган сөздөрдү, аракеттерди колдонуунун улантылышын байкоого болот.

Таласта жашаган казактарда баланын кыркын чыгараарда коңшу-колоңдору чакырылып, небере-чөбөрөлүү байбиче кыркын чыгаруу ырымын жасайт. Келгендердин бирөө баланын чачын, экинчиси тырмагын алса, дагы бири киринтет. Чылапчындагы суунун түбүнө кырк тыйын салат. Кырк кашык сууну келген аялдардын ар бири тилек айтып, кашык менен баланын үстүнө куят. Бул ырымда айтылган тилектердин бардыгы балага сиңсин деген ишеним камтылган.

Салттуу коомдо кыргыздын ата-бабаларынын далай муундары бешикке бөлөнүп чоңойгон. Бешик балага абдан жайлуу. Биринчиден, бала жылуу жатат, экинчиден, гигиеналык жактан таза болот. Баланы бешикке салууга байланыштуу жөрөлгө үй-бүлөдөгү кубанычтуу окуялардын бири. Эл ичинде бешикке байланышкан айрым тыюулар да кездешет (эки адам эки башынан көтөрбөйт, кур терметпейт, сатып алып жатканда соодалашпайт). Адатта бешикти кур койгон эмес. Анын ичине чүкө, бычак, ак пахта, арча салып койгон.

*"Бешик ырында"* баланы сооротуу үчүн гана эмес, ал жакшы тилек билдирүү, эненин кубанычын, муңун, ата-бабалардын санжыргалуу окуялары жана уктатуу процесси менен кошо кыял- үмүттөр, тилектер менен бирге баланы жакшы жүрүм-турумга тарбиялоо да чагылдырылат.

Адамдын жашоо циклинде аткарылуучу кеңири белгилүү каада-салттардын бири *тушоо кесүү*. Баланын чоңоюшунда өзгөчө мааниге ээ болгон тушоо кесүү аземин, ал бир жашка толуп, там-туң баса баштаганда жыгылбай, чалынбай, тез басып, чуркап кетсин деген жакшы тилек менен өткөрөт. Ата-энеси баланын тушоосун кесээрде атайын арнап байлаган малын союп, ар түрдүү улуттук тамактарды жасайт. Чуркай турган айылдын жаш балдарына белек-бечкектерди камдашат. Камылга толук

болгондон кийин гана ага-тууган, кошуна-колоңдорду тойго чакырып, сыйлап, тиешелүү жөрөлгөлөрдү өткөрүшөт.

Баланын турмушунда орчундуу окуялардын дагы бири - бул *сүннөткө отургузуу*. Мусулманчылыкты туткан кыргыздарда уул баланы сүннөткө отургузуу ар бир атанын парзы болуп келет. Баланы беш күндүгүнөн баштап жети жашка чейинки курагында ырымдоого болот. Жуп жашында сүннөткө отургузган эмес. Аткени, бала сезгенип, балалуу болбой калат деген ишеним эл арасында азыркы күнгө чейин жашап келет. Сүннөткө отургузууда баланын ата-энеси өтө жоопкерчилик менен карашкан.

Ошентип, бала төрөлгөндөн кийинки алгачкы жылдар ата-бабалардан бери келе жаткан бир катар жөрөлгөлөр менен коштолуп келет. Алардын басымдуу бөлүгү этникалык салттын элементтери жакшы сакталып калган айыл жерлеринде кенен жайылган. Илгертеден колдонуп келген каада-салттардын далайы өзүнүн маанисин жоготпой айрым өзгөрүүлөр менен азыр да орун алып жатканы даана сезилет.

Алгачкы ырым-жырымдар наристени ден-соолугуна, өсүшүнө терс таасир бере турган жагымсыз күчтөрдөн, суук көздөрдөн сактоого, аны торолтууга багытталган. Алардын ичинде саламаттык сактоо багытындагы элдик билимдерге таянган рационалдуу тажрыйбалар да камтылгандыгы байкалат. Аялдын толгоосунда күйөөсүнүн катышуусу кийинки жылдары колдонулуп келе жаткан көрүнүштөрдүн бири болуп калды.

Балдарды коргоого, алардын келечегин түптөөгө багытталган ырым-жырымдардын азыркы тапта колдонулуп келе жаткандыгы жана аларга айрым жаңылыктар кирип жатканы байкалат. Алардын ичине ат коюдагы, тойду белгилөөдөгү, белек-бечкектеги ж.б. ааламдашуу процессинин таасирине киргизсе болот. Айрым өзгөрүүлөрдү азыркы мезгилдеги жүрүп жаткан социалдык-маданий процесстердин көрүнүштөрүнүн бири катары кабыл алууга болот деп ойлойбуз.

Социалдашуу өзүнчө этаптардан туруп, балдардын кийиминдеги, сырткы кебетесиндеги, кыймыл-аракеттериндеги, сактоочу каражаттарды колдонуудагы өзгөрүүлөр менен коштолот.

Экинчи бап "**Баш кошууга байланыштуу каада-салттар**" деп аталат. Анда үйлөнүү алдындагы каадалар жана нике формалары, үйлөнүү тойлорундагы жалпылыктар менен айырмачылыктар, үйлөнүү үлпөтүнөн кийинки ырым-жырым, жөрөлгөлөрү салттуулук жана жаңылык контекстинде иликтөөгө алынат.

Үйлөнүүгө байланышкан каада-салттын алгачкы этабы болочок кудалардын таанышып сүйлөшүүлөрүнөн жана белгилүү бир чечимдерге келишинен башталат. Алдын ала жетишилген кудалашуунун түрүнө *сөйкө салуу* кирет. Мында маанилүү милдет менен келген конокторго сый тамак



уюштурулуп терең таанышуу, алдыда турган *нике кыюу, калың, сеп*, үйлөнүү тоюнун уюштуруу маселелери боюнча сөздөр козголот.

Азыркы тапта кыз-жигиттер бири-бири менен чогуу иштеген мекемелерден, окуу жайларынан таанышып мамиле түзүшөт. Классташтар, теңтуштар өткөргөн кечелерде, туугандардын тойлорунда байланыш түзүп аны турмуш курганга чейин жеткирген учурлар да кезигет. Кийинки жылдары интернет, социалдык түйүндөр аркылуу кабарлашуу сүйүү сезимдеринин пайда болушуна алып келген мисалдар бар. Жигит менен кыздардын өзүлөрүнүн табышууларынан сырткары, ата-эненин, жакын туугандардын ылайыктуу жар издештирген салт уланып келе жатат. Мында көпчүлүк учурларда материалдык абалдары кескин айырмаланбаган өзүлөрүндөй куда күтүүгө умтулушат. "*Тең теңи менен, тезек кабы менен*" деген сөздүн бүгүнкү күндө да колдонула калышы бекеринен эмес.

Үйлөнүү расимин ырааты менен өткөрүлүүчү бир нече циклди камтыган комплекс катары кароо зарыл. XIX кылымда – XX кылымдын башында колдонулуп келген салттардын бир нечеси өзгөрүп, айрым элементтери жок болуп же жаңы жөрөлгөлөр кошулуп олтуруп биздин күнгө чейин жетти. Өзгөрүүлөр жалпы эле социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүнүн деңгээли менен түшүндүрүлөт. Урбандашуу, ааламдашуу, элдердин миграциялык кыймылдарынын күчөшү, башка элдер менен болгон ар тараптуу карым-катнаштардын артышы үй-бүлө жана никеге да таасирин берип жаткандыгы байкалат.

*Кыз узатуу, сүйүнчүлөө, аркан тосуу* үйлөнүү тоюна байланыштуу каадалардын комплексиндеги маанилүү жөрөлгөлөрдүн катарына кирет. Азыркы мезгилде кыз узатуу кошогу колдонуудан чыгып калды. Жергиликтүү өзбектерде кыздын турмуштагы жолу шыдыр болсун деген жакшы тилекте кызды узатып жатканда аркан тосушпайт.

Келинди үйгө киргизердин алдында улууларга жүгүнтүп, чачыла чачып, оозуна сары май салышат. *Чачыла чачуу* ырымын молчулуктун, токчулуктун символу катары кароо зарыл. Кара-Буура районунда келин келгенде кайненеси кемегеге алып барып, оттой ысык болсун деп отко жүгүндүрүп, келген жерине майлуу-сүттүү болсун деп колун жана көсөөнү майлайт. Архаикалык ырымдардын бири *өпкө чабуу* Бакай-Ата жана Кара-Буура райондорунда кеңири таралган.

Акыркы беш-алты жылдын ичинде үйлөнүү тоюнун комплексиндеги көп конок чакырган негизги үлпөтүн кафе, ресторандарда өткөргөн кыргыздардын, казактардын саны арбыды. Облустун борборунун тургундары жана шаарга жакын айылдарда жашагандардын бир тобу "Хан Сарай", "Хан Ордо", "Айдың төр" сыяктуу кафелерде, ресторандарда өткөрүүгө артыкчылык беришет. Үлпөттөгү коомдук тамактануу, ыр, бий, шаан-шөкөт менен коштолот. Тамада тарабынан сөз алган коноктор жаш

жубайларды куттуктап, ата-энелерине багытталган жылуу сөздөрүн айтышат. Мындай сый тамак негизинен балдарга *бата* алуу үчүн уюуштурулат.

Үйлөнүү тоюнан кийинки каада-салттар экинчи баптын акыркы бөлүгүндө изилденген. Аларга күйөөсүнөн улуу туугандарына *жүгүнүү,* аттарынан чакырбастан *тергөө* сыяктуу салттар кирет. Келинди жаңы социалдык чөйрөгө көндүрүүгө байланышкан *отко киргизүү* ырымы азыркы мезгилде да туруктуу сакталып келе атат. Талас облусундагы кыргыздарда жүгүнүү салты убактылуу мүнөзгө ээ болсо, ат тергөө өмүр бою аткарылат. Келиндин жүгүнүүсү Талас жана Манас райондорунда жашаган өзбектерде бекем сакталган. Таң эрте менен келиндин туруп сыртк‍ы эшикти жана дарбазаны кенен ачып коюу салты байыркы мезгилдерден бери эле келе жатат. Ага айрыкча облустун аймагында чогуу жашаган түрктөр айрыкча маани берип кут кирет деп эсептешет.

*Сеп көрдү* кыздын энеси тарабынан бериле турган буюм-тайымдардын даяр болгондугун айгинелеген салт. Кийинки мезгилдерде септи үйлөнүү үлпөтүн өткөргөн күнү эле жеткирип берген үй-бүлөлөр да кезигет.

Талас облусун жердеген ар кайсы улуттардын үйлөнүү үлпөтүнүндө салттуу ырымдардын, жөрөлгөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн өз маанисин жоготпостон уланып келе жатканын көрөбүз. *Келиндин оозуна май салуу, чачыла чачуу, өпкө чабуу* сыяктуу ырымдардын символикалык маанилери молчулук, тукум улоо, зыяндуу таасирлерден сырткары болууга багытталгандыгын туюндуруп турат. Булардын айрымдары мурдагыдай кенен колдонулбастан белгилүү бир райондордун чегинде гана сакталып калышы алардын акырындап колдонуудан чыгып бара жатканын айгинелейт. Мисалы бул архаикалык ырымдардын бири *өпкө чабуунун* алган ордунан байкалат.

Үйлөнүүгө байланыштуу негизги той өткөндөн кийинки аткарылуучу ырым-жырымдар менен каада-салттарга, өзүн алып жүрүү нормаларына *ат тергөө, сеп көрдү, үйгө кайтып келүү, кудагый куржун, күйөө куржун даярдоо, отко киргизүү* ж.б. кирет. Аталгандардын бир тобу келген жаш келинди жубайынын ата-энесинин эле эмес жаңы туугандарга аралашып кетүүсүнө түрткү берүүгө жана кайындарды сыйлоого багытталган элдик этикеттерди сактоого байланыштуу. Ырым-жырымдардын дагы бир тобу кудалашкан тараптардын ортосундагы белек-бечкек алмашуу менен башталган мүлктүк мамилелерди байкоого болот.

**"Сөөк коюу, маркумду эскерүүдөгү салттар"** деп аталган үчүнчү бапта сөөктү коюуга чейинки ырым-жырымдар, сөөк коюлгандан кийинки маркумду эскерүү салты берилген. Өлүм алдында жаткан адамдын керээзин жакын туугандары, балдары угуп, ыраазычылыгын сурап калууга аракеттенишет. Керээзде тарбиялык маанидеги насаат сөздөр айтылат.



Андан сырткары материалдык байлыкты пайдалануу, мурастоо боюнча да оюн билдирген учурлар кезигет. Адам өлгөндөн кийин жынысына жараша үч аял же үч эркек *майрам сууга* алып, бетин жаап, ага арналып тигилген боз үйгө алып барышат.

Аялдар дароо үн чыгарып ыйлашат. Кайтыш болгон адамдын аялы, кыздары, эжелери, келиндери, абысындары көшөгөнүн сыртында тетири карап, өлүктү жоктоп кошок кошуп ыйлап отурат. Талас облусундагы кыргыздарда өлүк чыккан үйгө жакындаганда эркектер өкүрүп келет. Келген аялдар болсо боз үйдүн ичинен үн чыгарып, ал жерде отурган аялдардын баары менен көрүшкөндөн кийин, кайрат сөздөрүн айтып чыгат. Аялдары эгер жакын тууган болсо же кудалардан болсо отуруп кошок кошуу салты таралган.

Ошол мезгилде артында калган тууган- уруктарынын жүрөктөгү кайгы-муңдары ичтен кайгырса, кээ бирлериники көкүрөктөгү кайгылуу муңу ырга айланган. Ошол ырга айланган өкүнүү, күйүү маанисиндеги ыр кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кошок деп айтылып келет. Ал экиге бөлүнүп каралат: биринчиси – адам өлгөндө кошулуп траурдук ритуалдык комплекстин бири болуп эсептелсе, экинчиси – адамдын турмушундагы маанилүү этап болгон үйлөнүү тоюна байланыштуу кыз узатканда кошулуучу кошок.

Кошок кыргыз эле эмес казак, түрк, өзбек элдеринде да кеңири тараган. Салттуу коомдогу аза күтүү салтында ал көбүнчө жамакчы аялдар, башкача айтканда, кошокчулар тарабынан айтылган. Кандай гана кошок болбосун көзү өткөн адамдын тирүүсүндөгү эмгегин даңазалап, жасаган эрдигин жана жакшы сапаттарын айтуу менен берилет.

Кошокто өлгөн адамдын жаш курагына карата байкоо сала турган болсок, элүү жашка чейинки эркек адамды *"жаш мырзам",* алтымыш жашка чейинки адамды *"бекзатым",* ал эми андан улуу болсо *"урматым"* деп кошушкан. Ал эми кайненесин *"кендирим",* кайынсиңдисин *"канышым"* деп аташкан.

Кыргыздын салтында сөөктү боз үйдөн чыгарып келишкен. Ал XX кылымда да уланып турак-жайдын бул түрү траурдук ритуалдарда да маанилүү милдетти аткарып келген. Азыркы күндө Талас районунда жашаган ар бир урууда бирден боз үй, казандары, тулгалары, самоорлору, титандары, чаралары бар. Ал эми Кара-Буура районунда жашаган калкта боз үйдү ижарага алуу практикаланат.

Күйөөсү каза болуп жесир калган аялга траурдук кийим кийгизүү салты сакталып келе жатат. Аны *кара кийгизүү* деп атайт. Манас районундагы кыргыздарда жесир кара түстөгү кийим кийсе кыздары төркүндөрү тарабынан алынып келинген көк түстөгү сырткы кийимдерди кийип ушундай эле өңдөгү жоолук салынышкан.

Сөөк коюу, маркумду эскерүүдөгү салттарда туугандар, кошуналар, адаштар, куда-сөөктөр тарабынан жоготууну башынан өткөрүп жаткан үй-бүлөнүн азасын бөлүшө билүү, моралдык, материалдык колдоо ачык сезилет. Берилген *кошумча, ража* чыгымдардын бир бөлүгүн жабат. Келген элди киргизгенге, бөлмөлөрүн берип, кара жумуштарда жардамдашууда кошуналары жакшы жардам көрсөткөн салт уланып келе жатат.

Кийинки мезгилдерде сөөктү жылуу кезинде тездик менен койгон мисалдар кезикти. Маселен андай көрүнүш Бакай-Ата районунда ислам дининин бир агымына бекем берилген адамдар тарабынан жасалган. Алар үч күндөн кийин туугандарын чакырып куран окуткан. Ырым-жырымдарды аткаруудагы аракеттер, ар башка түшүдүрүүлөр айрым учурларда пикир келишпестиктерге алып келет. Түрктөрдө өлүк чыккан үйдө жети күнгө чейин тамак жасалбайт, түтүн чыкпайт. Колунан келген тамагын туугандары, кошуналары алып келип турат.

Сөөк коюлган күнү келген аялдарга майга бышырылган *челпек, кыйма* деп аталган нан жана *жыртыш* таратат. Жыртыш түйүнчөк түрүндө болуп анын ичинде нан, ийне, жип болот. Челпек өлгөн адам кары болгон учурда гана берилет. Эгер маркум эркек киши болсо ийне жип кошулбайт. Мүрзөгө топурак салганы баргандарга жүз аарчы таратуу өлкөнүн айрым башка регионлорундай эле салтка айланган.

Мындан бир нече жыл мурун маркумдун үстүнө аны үйдөн алып жети кадам өткөндөн кийин тыйын, акча чачуу ырымын жасагандар кезиккен. Ушундай эле ырымды чогуу жашаган казактардан да кезиктирүүгө мүмкүн эле. Азыркы кезде ал пайдалануудан чыгып калды деп айтууга болот.

Маркумду элесин сактоого багытталган жөрөлгөлөргө *кир жууду, жетилик, кырк ы, элүү эки күндүгү, жылдыгы (ашы)* кирет. *Кир жууду* ырымы маркум коюлган күндүн эртеси аткарылып, жакындарына кийимдеринен, буюмдарынан таратылат. Ашында аткарылган *ээк бүтөө, ак кийди* адамдын каза болгондугуна байланыштуу аза күтүүнүн бүткөндүгүн символдоштурган ырымдарга кирет.

Жыйынтыктап айтканда, адам каза болгондон тартып сөөктү жайына койгонго чейинки каада-салттар бир жагынан моралдык-психологиялык жактан татаалдыгы менен айырмаланса, экинчи жагынан туугандарды, социалдык карым-катнашы жакшы башка адамдарды бириктирет десек болот. Ар бир адамдын башына келе турган жамандыкта жардам кылып, аза-кайгыны бөлүшө билүү салты сакталып келе жатканы даана байкалат. Талас өрөөнүн жердеген ар кайсы улуттун ортосунда айрым айырмачылыктар менен катар эле окшоштуктар да кезигет. Технологиянын өнүгүшүнүн, ааламдашуу процессинин, ар башка улуттардын, диндердин тийгизген таасирлери адам каза болгондон аны



койгонго чейинки жөрөлгөлөргө да таасирин тийгизип жатканы азыркы мезгилдеги чыныгы көрүнүш.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Талас жергесиндеги кыргыздардын өмүр сүрүү циклине байланышкан каада-салтын жана анда аткарылуучу ырым-жырымдарын алар менен компактуу жашаган казак, түрк, өзбек элдери менен салыштырып иликтөөгө арналган диссертациялык иштин негизги жыйынтыктарынан төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

- Адамдын өмүрүнүн этаптары анын жаш курагына байланыштуу жана анын үй-бүлөдөгү, коомдогу даражасынын өзгөрүшүнө жараша тиешелүү терминдер менен айтылат. Ар бир адамдын биографиясында мурдатан кле жаткан каада-салт маанилүү орунду ээлейт.
- Баланын төрөлүшүнө, үйлөнүүгө, сөөк коюуга байланыштуу каада-салттардагы өзгөрүүлөр табигый көрүнүш. Ошол эле мезгилде негизинен ал өзгөрүүлөр ички мазмунуна эмес, өткөрүү формасына тиешелүү болуп, структурасын, аткарган милдеттерин мурдагыдай эле сактап калган.
- Бала төрөлгөнгө чейинки ырым-жырымдарда архаикалык ишенимдер (мисалы, мазарга баруу) менен тыюу салуулар азыркы мезгилде да өз маанисин жоготпой келет.
- Азыркы тапта, илгертеден бери сакталып муундан-муунга өтүп келе жаткан каада-салттарда социалдык-экономикалык, маданий, технологиялык өнүгүүнүн таасири менен кирген жаңылыктар аз эмес.
- Тарбия берүүнүн салттуу ыкмалары менен каражаттары Талас облусун жердеген бардык элдер тарабынан колдонулуп келет.
- Улут аралык жакындашуу каада-салттарды ырым-жырымдарды аткаруунун мисалдарында да байкалып турат.
- Ырым-жырымдардын, тыюулардын символикалуу маанилери зыяндуу күчтөрдөн сактануу, чың ден-соолукту, токчулукту, молчулукту, тукумдун уланышын камсыз кылуу ж. б. менен байланышкан.
- Үйлөнүү тойлорунда ата-бабалардан келаткан жөрөлгөлөр кенен колдонулат. Ошол эле мезгилде, өнүгүүнүн азыркы деңгээлине, ааламдашууга, миграциялык активдүүлүккө байланышкан өзгөрүүлөр кирүүдө.
- Каада-салт жана ырым-жырымдарды эскиликтин калдыгы эмес, бүгүнкү күндөгү руханий маданиятыбыздын бир бөлүгү катары кароого болот.
- Адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу үрп-адаттар элдин басып өткөн тарыхын, тилин, психологиясын, педагогикасын этикетин, медицинасын, динин камтып турган уникалдуу маданий мурас.

- Талас облусунун аймагында компакттуу жашаган башка улуттардын кыргыздар менен интеграцияга умтулушу каада-салттарды өткөрүүдө да байкалган учурлар кезигет.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын өзүнчө бир аймагындагы жүргүзүлгөн этнографиялык иликтөөлөр тамыры кылымдардын тереңине кеткен каада-салттардын туруктуу мүнөзгө ээ экендигин айгинелеп турат. Адамдын өмүр сүрүү циклине байланышкан салттуу үрп-адаттар сырткы формасын эске албаганда, мазмуну жагынан анча чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Үрп-адаттардагы улуттар аралык жалпылыктар менен айырмачылыктарды, ошондой эле алардын бирине-бири тийгизген таасирлерин терең түшүнүү максатында иликтөө иштерин жандандыруу зарыл.

Билим берүү, маданият, массалык маалымат тармагандагы мекемелер татыктуу тарбия берүү максатында ата-бабалардын жакшы салттардагы мисалдарды орду менен колдонушу керек.

Диссертацияда козголгон маселелерге үндөш изилдөөлөрдүн жоболору менен тыянактарын улут аралык ынтымакты чыңдоо аракеттеринде тиешелүү мамлекеттик органдар колдонушу абзел.

Адамдын өмүр сүрүүсүнө байланыштуу каада-салттар маасалык искусствонун бир түрү болгон кино тармагын да кызыктырышы керек.

Ырым-жырымдарды ыгы жок чыгымдарды сарптабастан рационалдуулук менен өткөрүүгө түрткү берүүдө коомчулук жигердүүлүктү көрсөтүшү зарыл.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Усубалиева А.С. Баланын төрөлүшүнө чейинки ырым-жырымдар жана ишенимдер [Текст] /А.С. Усубалиева // Кыргызстан тарыхынын маселелери. КР УИА илимий журналы. - 2011.- №2 (22).- 143-149-б.

2. Усубалиева А.С. Азан чакырып – ат коюу. [Текст] /А.С. Усубалиева // "Гуманитарные проблемы современности" журнал Институт философии и правовых исследований НАН КР. – 2012.Чыг. 15. - 56-59-б.

3. Усубалиева А.С. Баланын төрөлгөндөн кийинки каада – салттар жана ырым – жырымдар. [Текст] / А.С. Усубалиева // Кыргызстан тарыхынын маселелери. КР УИАнын илимий журналы. 2012.-№2-3 (26).- 226-231-б.

4. Усубалиева А.С. Жаштарды адептүүлүккө тарбиялоодо каада-салттын орду. [Текст] / А.С. Усубалиева // "Гуманитарные проблемы современности" журнал Институт философии и правовых исследований НАН КР. – 2012.- Выпуск 16. -58-63-б.



5. Усубалиева А.С. Талас өрөөнүндөгү кыргыздардын жана башка этностордун баланы бешикке салуу каадалары. [Текст] / А.С. Усубалиева // Билим жана Тарбия. -Махмуд Кашгари –Барскани атындагы Чыгыш Университети. Илимий – педагогикалык журналы.- 2012-№1(13). -101-104-б.

6. Усубалиева А.С. Баланын төрөлүшүнө, өсүшүнө байланышкан ырым – жырымдар жана каада – салттар (Талас областынын мисалында). [Текст] / А.С. Усубалиева // КРСУ и Тянь-Шаньское общество Рерихов. Культурно-историческое пространство Центральной Азии: от прошлого-к будущему. К 110-летию со дня рождения Ю.Н. Рериха. Материалы Международной общественно-научной конференции. Бишкек, 2013 – 287-295.б.б.

7. Усубалиева А.С. Келин алуудагы салт – санаалардын өзгөчөлүктөрү (Талас областынын мисалында). [Текст] / А.С. Усубалиева // Известия ВУЗов. Бишкек, 2013 - №5. – 62-64. б.б.

8. Усубалиева А.С. Кошок тууралуу кыскача ойлор (Талас областынын мисалында). [Текст] / А.С. Усубалиева // Кыргыз Билим берүү Академиясынын кабарлары. "Этнопедагогика жана тарых: абалы жана келечеги" деген темадагы республикалык илимий – практикалык конференциянын материалдары. Бишкек, 2013 - №3(27) – 221-224. б.б.

9. Усубалиева А.С. Никенин салттуу формалары жана анын коомдогу ээлеген орду. [Текст] / А.С. Усубалиева // Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II эл аралык илимий жыйындагы баяндамалардын тезистери. Бишкек, 2013 – 150-151.б.б.

10. Усубалиева А.С. Некоторые проблемы социализации детей сельских районов. [Текст] / А.С. Усубалиева // Отан тарихы. Алма – Ата, 2014.

**Усубалиева Айнура Садановнанын “Кыргыздардагы адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу каада-салттар (Талас облусунун мисалында)” деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** Талас облусу, кыргыз, казак, каада-салт, ишеним, тыюу, социалдашуу, нике, үйлөнүү тою.

**Изилдөө объектиси.** Талас облусундагы кыргыздардын XX жана XXI кылымдын башындагы адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу каада-салттар.

**Изилдөөнүн максаты.** Адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу каада-салттардагы жаңы көрүнүштөрдү жана салттуулукту Талас облусунда жашаган кыргыздардын мисалында изилдөө.

**Изилдөө ыкмасы.** Салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык ыкма колдонулду. Алдыга койгон максатка жетүүнүн негизи катары объективдүүлүк принциби, анализ жана синтез, этнография илимине гана мүнөздүү ыкмалар пайдаланылды.

**Иштин жаңычылдыгы жана жыйынтыктары.** Эмгек аркылуу адамдын өмүр сүрүү циклине байланыштуу оригиналдуу жаңы материалдар илимий айлампага киргизилет. Алгачкылардан болуп баланын төрөлүшүнө, үйлөнүүгө, адамды акыркы сапарга узатууга жана аны эскерүүгө, балдардын социалдашуусуна байланыштуу каада-салттардагы кийинки мезгилдерде болуп жаткан өзгөрүүлөр Талас облусунун мисалында изилденет. Ушул мезгилге чейин жеткиликтүү маани берилбей келген казак, өзбек, түрк сыяктуу түрк тилдүү элдер боюнча салыштыруу жүргүзүү дагы эмгектин жаңычылдыгына кирет.

Изилдөөнүн натыйжасында бала энесинин курсагында жаткан мезгилден тартып өмүрлүк жолун коштогон каада-салттар боюнча илимий негизделген тыянактар чыгарылды. Нике үйлөнүү тоюнун этаптарына байланышкан салттардын ырым-жырымдардын бир катар жактары ачылып берилди. Сөөк коюу жана маркумду эскерүү жөрөлгөлөрү баяндалып, тарыхый-салыштырма ыкмада талданды.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен жоболору жалпыланган эмгектерди, окуучуларга, студенттерге арналган окуу китептери менен куралдарын жазууда, рационалдуу салттарды пропагандалоодо, жаштарга тарбия берүүдө колдонсо болот.




## РЕЗЮМЕ

**диссертации Усубалиевой Айнуры Садановны “Обычаи и обряды жизненного цикла человека у кыргызов (на примере Таласской области)” на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07. – этнография, этнология и антропология**


**Ключевые слова:** Таласская область, кыргыз, казах, обычаи и обряды, поверье, запрет, социализация, брак, свадьба.

**Объект исследования.** Обычаи и обряды жизненного цикла кыргызов Таласской области в XX - начале XXI века.

**Цель исследования.** Изучение новых и традиционных обычаев и обрядов, связанных с жизненным циклом человека, на примере народов, проживающих на территории Таласской области.

**Методы исследования.** Были использованы сравнительно-исторический, сравнительно-типологический методы. Анализ и синтез, принцип объективности, сугубо этнографические методы исследования также явились основой в раскрытии поставленной цели.

**Новизна исследования и результаты исследования.** В работе вводятся в научный оборот новые оригинальные материалы касающиеся обычаев и обрядов жизненного цикла человека. В работе впервые предпринята попытка раскрыть трансформации, происходящие в последние годы в традициях родильной, свадебной, похоронно-поминальной обрядности и социализации детей на примере кыргызов Таласской области. До настоящего времени недостаточно привлекались сравнительные материалы по другим тюркоязычными народам как казахи, узбеки, турки, что следовало бы отнести тоже к новизне настоящей работы.

В результате исследований получены научно-обоснованные выводы по обычаям и обрядам сопровождающих жизнь человека начиная с того периода когда он ещё находился в утробе матери. Раскрыты ряд аспектов связанных с формами заключения брака и этапами свадебных обычаев и торжеств. Описаны похоронно-поминальные ритуалы и проанализированы в сравнительно-историческом плане.

**Рекомендации по использованию**. Основные выводы и положения диссертации могут быть использованы в написании обобщающих трудов, учебников и пособий для учащихся и студентов, в пропаганде рациональных навыков и традиций, а также в воспитании подрастающего поколения.